63.3(2Ки)Кбут
К93

1811—1991



# Курманжан датка

63.3(2Ки)кыр
К 93

Формуляр книги

| | |
|---|---|
| 3.3(2Ки)кыр | 431154 |
| | Курмание- |
| | ...тка |
| | ...бр |

КЫРГЫЗСТАН ЖУРНАЛИСТТЕР СОЮЗУ

# Курм... атка



эскеруулер

кошоктор

Ош—1991

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ N 431154

ОТДЕЛ ИСКУССТВА

Редколлегия: Шериев Ж. Сыдыков А. Аттокуров Т. Нурдинова Т. Омурзакова Т. Капаров А. Акматов М. Ташбаев К. Маматалиев М.

Даярдагандар жана редактору: А. Капаров, М. Акматов.
Сүрөтчүсү А. Асыранкулов, А. Бейшенов
Техникалык редактору М. О. Маматалиев
Корректорлору А. Токсонбаев, А. Суракматова.

Кыргызстан журналисттер союзу.

## ДААНЫШМАН ДАТКА

Өмүрү, даанышман ишмердиги Орто Азия Казакстан эле эмес, жалпы Чыгыштын тарыхында укмуштуу легендага айланган инсандардын ичинен Курманжан датка өзгөчө бийиктикте турат. Бул асылзаада инсан даткалык наамга жалгыз татыктуу болгон аялдардын биринчиси да, акыркысы да. Ушундай улуу Адам кылымга тете мезгил бою унутта калып, аты аталбай, атактуу карааны караңгылык менен чүмкөлүп келди. Мезгил келип, тагдыры карт тарыхтын бүктөмүндө жашырылып жүргөн Курманжан датканын инсандык орду кайтарылып олтурат. Бул улуу миссияны жүзөгө ашыруу биздин атуулдук парзыбыз. Биздин негизги милдетибиз — ошол жомокко айланган өмүр менен улуу ишмердиктин тарыхый ордун тактоо жана аныктоо.

Курманжан — бул тарых өзү таамат таап чыккан элдик ишмер, калктын акылман башкаруучусу, улуу эне!

Жумурай журттун кызуу колдоосуна татыган Курманжан датканын 180 жылдык торколуу тою Чыгыш элдеринин чоң майрамы катары белгиленип, кылымдар бою калыптанган достук менен ынтымакташтыктын, тилектештиктин жана биримдиктин чыныгы демонстрациясы болмокчу.

Мезгилинде Фергана өрөөнүндө жашаган калктын камкору, даткалык улуу наамга эки жолу татыган (Бухара эмири Саид Музафар 1862-ж., Кудаярхан 1864-ж.) «Эл энеси» орус падышачылыгы анын улуу адамдары — окумуштуу-саякатчылар, аскер башчылары — генералдар тарабынан бийик кадыр-барк, нарктуу, ой-пикирлерге ээ болгон. Ушунун баары кийинки жылдарга чейин калайык калк үчүн белгисиз болуп келген. Быйыл коомчулук белгилей турган мааракe тарыхтын ушул чыныгы чындыгын тастыктоо, ал жөнүндө элге жеткирүү вазипасын максат кылат.

Курманжан датканын ысмын түбөлүккө калтыруу, аны келечек муундарга өткөрүп берүү үчүн орчундуу иш чаралар жүргүзүлүп жатат. Алымбек датканын мекени Гүлчө айылында Курманжан датканын эстелик үйү курулат, Ош шаарынын чыгыш тарабындагы Сар-Мазарда датка эненин күмбөзү калыбына келтирилет. Сулайман тоосунун этегинде даткага коюлуучу эстеликтин орду, Алымбек датканын Бухара медресесинин тибинде салынган Оштогу медресенин курулуучу жайы аныкталат жана маараке күндөрү ачылат.

Орто Азия, Казакстан, Москва жана Ленинград шаарларынын илимпоздорунун катышуусу менен илимий конференция өткөрүлөт. Ош шаарындагы чоң көчөлөрдүн бирине датка эненин ысмы берилет. Даткалардын өмүрү, коомдук ишмердиги жөнүндө атайын китеп даярдоо жана аны «Адабият» басмасынан чыгаруу милдетин мойнуна алган илимий жана чыгармачыл адамдар иштеп жатат.

Элибиздин тарыхындагы өзгөчө роль өтөгөн, өздөрүнүн даанышмандыгы, тубаса жөндөмдүгү менен өлбөс-өчпөс из калтырган Алымбек датка, Курманжан датка, Шабдан баатыр өңдүү чыгаан инсандарынын ишмердигин изилдөө тарыхчылардан илимий эмгектерди, сөз чеберлеринен ар түрдүү көркөм чыгармаларды, сүрөтчүлөрдөн монументалдык айкелдерди күтөт. Бул атуулдук иш башталды, роман, ыр-поэма, пьесалар жазылды, скульптуралары чегилип жатат. Бирок, бүткөнүнөн бүтө элеги көп, аларды жүзөгө ашыруу баарыбыздын милдети биз. Аны аткарбасак келечек бизди кечирбейт. Бул китепче датка эненин өлбөс-өчпөс эстелигине арналган алгачкы гана кадам болмокчу.

Жээналы ШЕРИЕВ,
маараке боюнча өкмөттүк комиссиянын катчысы,
ОшПИнин проректору.



## КАЛК КАДЫРМАНЫ

Курманжан кыргыз жана Орто Азия элдеринин, ошондой эле падышалык Россиянын тарыхында «Алай канышасы» деген ат менен белгилүү. Табият берген талanттын шарапатына ылайык бийликти даанышмандык менен жүргүзүп, тунук идирегине таянып, коомдун башкаруу ишине катышкан. Бул кыргыз тарыхында, кала берсе жалпы чыгышта чанда кезикчү тарыхый көрүнүш.

Адилеттүү башкаруу жөнүндө сөз болгондо, датканын турмуштун табигый законуна таянгандыгын, алдына койгон максат менен зор мартабасы шайкеш келгендигин да бир мертебе тарых өзү далилдеди. Биерде башка элдер менен мамилени тактап, туура жолго коюуда, аны таанып билүүдө, ошондой эле коомдук турмуштун башкаруу чөйрөлөрүндө да бул мамиленин жемиштери даана көрүнүп, кандай экендигин кийинки тарых айгинелеп турат.

Курманжан «датка» деген наамды кыргыз аялдарынан гана эмес, жалпы Чыгышта биринчи болуп алган, атак-даңкы Азияда Чыгышы—Кытай, Батышы—Аралга чейин тез тараган тарыхый инсан. Ошондон тартып Курманжандын аброю ансайын көтөрүлүп, Ош жана Алай аймактарындагы кыргыздардын чыныгы Умай энесине айланат. Бийлик даражаны тастыктоо максатында Кудаярхан да ага датка наамын берүүгө арналган кагаз жүзүндөгү жардык чыгарат. Ошентип, Курманжан генерал наамына эки жолу татыктуу болот. Бул наамдын ээлери, чиндери үчүн жылына миң теңге алып турушчу. Терек-Кабан, Көк-Суу айланасындагы жерлерди башкарууга укук берген, кала берсе казынадан жыл сайын баалуу белектерди алып турууга макулдугун берет. Ошентип, Курманжан Кокон хандыгында мамилени кайра бышыктап, өзүн эркин сезип, ордо менен тыгыз байланыштын шарапаты менен Алай элин көз карандылыктан куткарган.

Бул жагдайда К. К. Абаза төмөнкүнү билдирет: «Кудаяр кан бир жолу алайлык көчмөндөрдөн салык алууга аракеттенип көрдү, бирок датка ага жол берген жок, ал тургай ханды жеңилдик берүү жөнүндөгү грамотага кол коюуга аргасыз кылды». («Кыргызстан коммунисти»), 1990-ж. № 8, 9, 1986-бет).

Алайдын баш жагында Кокондуктардын бийлиги анчалык күчтүү эмес экендигин, ал жерде Курманжан датканын кадыры жогору экендигин 1871-жылы А. П. Федченко да белгилеген. Даткага терең урматтуу мамиле, ошондой эле өзү да датка Коконго келгенде улуу бек катарында ызаттап тосуп алганы тууралуу орус географын коштоп жүрүүчүлөр да айтышкан.

Курманжан датка туурасында өз кезегинде макалалар англис, немец, француз, поляк, венгер тилдеринде жарыяланган. Ал эми орус окумуштуулары Л. Ф. Костенко, Ю. Л. Тагеев алардын замандаштары К. К. Абаза, Л. Ф. Ювачевдер да ал тууралуу жергиликтүү жана борбордук басма сөздө кеңири жазып чыгышкан.

Генерал-губернатор Духовский менен жолугушуу үчүн Ошко атчан келгенде Курманжан 87 жашта эле. Сухбатташуу аяктаган соң Духовскийдин ишараты менен адъютанты дикилдеп жүгүрүп барып, датканы аттандырууга аракеттенгенде, ал башын чайкап, жардамдын керек эместигин билдирип «али-бери алдан күчтөн тая элекмин» — деп жылмайып, ээрге минет да, жоргосун жылжытып жөнөйт.

С. М. Духовский Курманжан даткага Николай II тарабынан кымбат таш чөгөрүлгөн шакек, алмаздалып коөздолгон алтын саат белек кылат. Датканын көзү тирүүсүндө сегиз генерал-губернатор алмашылган. Ош уездиндеги байбичеге жолуккан губернаторлордун баары ага өз белектерин тартуулашкан.

Жогоруда келтирилген маалыматтар Курманжан Кокон хандыгында — гана эмес, Орусиянын падышалык бийлигинде да Орто Азия элдеринин ичинен чыккан зор кадыр-барктуу аял башкаруучу жана белине кылыч байланган аскер башчысы болгондугун аныктап турат. Ал атайын башкаруу институтун же академиянын бүтпөсө да, табигый таланттын кудурети, ошондой эле мартабасы жогору башкаруучу, элдердин биримдигин чыңдоо менен алардын ортосундагы кызматташтыкты коргоген тарыхый инсандын деңгээлине көтөрүлдү.

Т. АТТОКУРОВ,

Философия илимдеринин доктору, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун профессору, маараке боюнча өкмөттүк комиссиянын мүчөсү.



## КУРМАНЖАН ДАТКА

Адам—ата, Обо энеден таралып, Кыргыз атпай журт жаралган күндөн бери элибиз эчен оомалуу замандарды өтөп келатыр... Алмустактан жазымышка моюн тосуп, тарыхтын коогалуу барактарында элдигин жоготпой, кел кел келгенде менменсибеген. токпейил кыргыз аалам алкагынын дөңгөлөгү менен кошо чимирилип жашады... Түрк атадан түптөнгөн элдин элдиги, Модэ менен Манастын эрдиги, «Көп деп неге — качабыз, азбыз деп неге коркобуз» деп үйрөткөн Күлтегиндин шердиги менен ширелип келсе, кыргыз рухун Токтогул менен Толубайдын, Сагынбай менен Саякбайдын тили данекерлептир. Ал эми кенениnде кеңендик менен боорукердикти, жөнөкөйлүк менен бийиктикти, достук менен адамгерчиликти мекенин сүйүп, журтун урматтаган улуу инсандыкты Томерис менен Заринадай, Каныкей менен Жаңыл-Мырзадай энелерибиз карманып, алардын чыйырын Курманжан сындуу кыздары улантыптыр. Кыргыз көчү ушинтип тарых түпкүрүнөн суурулуп, ушул күнгө жеттибейм.

Ош жергеси кадимден касиеттүү жер. Жер каймактап, адам баласы аалам алкагына кирген күндөн ар түркүн түстөгү жана тилдеги перзенттерине баанек болуп келген. Нечендеген замандарда тарыхта таасын изи калган Сак, Усун сыяктуу элдердин Давань сыяктуу өнүккөн мамлекеттин мекени аталып, байыркы перс улугу Дира менен македондук Искендердин, Кытай хандары менен монголдордун ноёндорунун көзү кызарган ыйык жер аталган. Ош тогуз жолдун тоому болуп, улуу Кытай жибек жолунун түрдүү кербенчилери анын сыйкырдуу Сулайман тоосуна тооп кылып өтүшкөн. Бул жерде Абу Иби Осмон, Ахмед Фергани, Махмуд Югнеки, Омор Ибн Муса ал-Ошн, Мансур ал-Оши, Абдаллак ал-Оши жана бабабыз Бабур сыяктуу улуу инсандар жашап, жергебиздин ыйыктыгын, улуулугун жана коөздугун чыгармаларында эскерип, ырларына кошушкан. Тилекке каршы орто кылымдардагы Ош жана анын тургундары жөнүндө маалыматтар өтө сейрек.

Жогоруда аты аталган атактуу инсандардын катарында тарыхый белгилүү адам, мамлекеттик ишмер жана акылман, Курманжандын Ош сыяктуу ыйык жерди жердеп, көп улуттуу элине жана жерине жакшылыкты, тынчтыкты жана бейпилдикти самап өткөн өмүрү жадакалса анын сөөгүнүн Оштун баш мазары болгон Сар-Мазарда коюлушу оштуктарды сыймыктандырбай койбойт.

Түштүк кыргызга, Фергана чөлкөмүнө, жалпы Орто Азияга, ал турсун Петербургка да белгилүү, өткөн кылымдагы тарыхый инсан, кыргыз элинин коомдук жана мамлекеттик ишмери, «Алай канышасы» деген атак алган Курманжан энебиз 1811-жылдын

кулжа айында Ош шаарынан анчалык алыс эмес жердеги Ороке кыштагында Муңгуш уруусунун Жапалак уругунан чыккан Маматбай аттуу орто дыйкан, колунда бардар адамдын үй-бүлөсүндө жарыкка келген.

Курманжан жаш кезинен эле элдик үрп-адатты, каада-салтты кадырлаган, келим-кетимдүү үй-бүлөдө тарбиялангандыктан өз оюн тайманбай бетке айткан, акылы эсн башкалардан өзгөчөлөнүп турган, намыскөй кыздардан болуп өсөт. Анын мындай өсүшүнө атасы Маматбайдын да таасири зор болгон. Маматбай акыл билги, орду менен сүйлөгөн, бирөөнүн акысын жебеген, кара өзгөйлүгү жок, мал жандуу, ата-тегинен динди, руханий түпкүлүктү бекем кармаган сабаттуу адам болгон.

Курманжан 17 жашка чыкканда атасы Маматбай кудаланын койгон 500 түтүндүү Жоош уруусунун Төрөкул деген бийинин анча мааниси жок Кулсейит аттуу уулуна кызын турмушка чыгарган. Бирок, күйөөсү көңүлүнө толбогон үрктүү Курманжан мезгилинин катаал мыйзамына каршы туруп бир жылдан кийин Үч-Таш жайлоосунан атасынын үйүнө келе берет да, 3 жыл чамасында башы бош олтуруп калат. 1832-жылы Курманжан 21 жашында баргы уруусунун бийи катары жана Коокон бийликтерине кызмат кылып датка деген наам алган, эл жерге кадыры, билгилиги маалым Алымбек—датка кокусунан жолугуп, көп узабай аны менен тагдырын кошкон. Ошол күндөн баштап Курманжан өлкөнүн саясий окуяларына, Коокон бийликтеринин аракеттерине күйөөсү Алымбек датка менен катар эле аралаша баштады. Кезегинде Алымбек Оштун акими, Анжияндын беги, ал турсун Коокон ханы Шах Мураттын тушунда анын биринчи увазири болуп кызмат өтөгөн. Көчмөн кыргыздардын тарыхта так изи калган бийлери: Акбото, Кубат, Ажы, Садык, Сарымсак, Кыдыр, Табылды, Ажыбай, Сейитбек, Нузуп, Кедейбай, Алымкул, кыпчактардын Мусулманкулу өңдүү, Коокон хандарын каалагандай калчап, бирин алып, бирин такка олтургузууга чамасы жеткен төбөлдөрдүн катарында Алымбек датка дагы өз мезгилинде түштүктүн белгилүү мамлекеттик ишмери катары далай мамлекеттик окуяларга түздөн-түз катышкан. Курманжан күйөөсү Кокондо жүргөндө анын ордун жоготпостон эл башында билги катары, ал гана эмес Алымбектин мамлекеттик иштеринде кеңешчи катары таанылды. Алымбек менен Курманжан 29 жыл эриш-аркак ыстыкоомат кылышты. 1862-жылы Алымбекти Коокондо кас душмандары өлтүрүп кеткенден кийин Курманжан тагдырдын соккусуна мүңкүрөгөн жок. Тескерисинче жазымыштын эркине ынанган айым күйөөсүнүн даткалык бийлигин улантып, өзүнүн көсөмдүгү жана дипломатиялык жөндөмдүүлүгү менен Алайдын гана кыргыздарына эмес, бүткүл Фергана өрөөнүнө даңктуу башкаруучу катары бааланган.

1862-жылы эле Кудаярды экинчи жолу такка олтургузуу мезгилинде Кудаярга жардам берген Бухара эмири Сейит Музаффар — эддин Ошко чейин аскерлери менен келген. Курманжан аларды өгөй уулу Жаркынбай жана башка балдары, тургундары болушуп, Оштон кастарлап тосуп алышкан.

Тарыхый булактарга караганда келүүнүн негизги максаты Алай тараптагы кыргыздардан Коокон хандыгына таяныч издөө эле. Бул таяныч 1861-жылы өлгөн Алымбектин ордун басчу адамга датка деген наамды ыйгаруу менен ашмак. Алгач бул наамды Курманжандын пикири боюнча ата баласы деп ошол кездеги Ош вилаятынын акими болуп турган Жаркынбайга сунуш кылышкан. Бирок, ал бул даражаны алып жүрүүгө карамайынча баш тартат. Мындан биз Жаркынбайдын Курманжандын аброюн жана сөөлөтүн сыйлагандыгын, атасынын жесири тирүү кезинде датка наамын алууга уят, намыс деп түшүнгөндүгүн байкайбыз. Жаркынбайдын бул чечимин Алымбектин туугандары Осмон, Өмүрбек, Акимбай жана башка бийлер туура көрүшөт. Бийлик үчүн кыркылышкан ордо адамдарын түпкүрүнөн кашкөй тоолук бийлердин бул жоругу Музаффарды ого бетер таң калтырат.

Ошентип, Коокон бийлигине таяныч түзүү жана кыргыздардын каныкесин өз жаатына тартуу максатында Музаффар менен Коокон ханы Кудаяр Курманжанга «датка» деген наамды ыйгарууга аргасыз болушкан. Ислам дининин Орто Азиядагы түркүгү болуп саналган Бухара Шарифтин шайх-уль-Исламынын ыйык фатвасы (шарыятка ылайыкталган бүтүм, чечим) жана Музаффардын өзүнүн буйрукнаамасы боюнча Курманжан эми датка аталат. Датка деген наам Бухаралык чин болгон. Ферсче «дохкох» деген сөз «адилеттүүлүк» деген маанисин берип, датка наамын алган адам эң ободу тигил же бул вилаяттын диний көсөмү болуп саналчу. Ал элден чыккан араздашууларды шарият жолу менен чечип, арыздарды жана даттанууларды караган. Бир эле учурда хандын вилаяттагы өкүмдөр өкүлү, акимге, аскер башчысы катары да таанылган. Коокон хандыгынын тартиби боюнча датка наамы мамлекетте он гана кишиге берилип, жылына миң теңге ыйгарылып турган. «Датка» деген наам орус армиясынын «генерал» деген чинине туура келгендиги булактарда маалим. Орто Азия жана түрк элдеринде аялдан датка даражасын алып жүрүү дегеле тарыхта болгон эмес. Курманжанга аял да болсо мындай наамга ээ болуу, анын тарыхтагы ордунун өтө жогору экендигин дагы бир жолу ырастап турат.

Курманжан датка паамын алгандан кийинки мезгилдеринде Ош вилаятын башкарып гана эмес, Кокон хандыгынын саясий иштерине да кийлигишип турган. Кудаяр үчүнчү жолу такка олтурганда (1865-жылы) Курманжан улуу уулу Абдылдабекти ээрчитип Коконго келгендиги маалым. Мурунтан сый көрсөтүп, эне катары санаган Кудаяр—хандын апасы Жаркынайым менен Курманжан те Шералы хандын заманынан бери эле ынак, сырдаш болуп, Кудаяр бала кезинде эле Курманжанды жакшы билчү. Конокторду ызаат менен тосуп алган жана мөөр ойдуруп, кымкап чапан жаптырып, баалуу белек бердирген. Жаркынбайдын ордуна Абдылдабекти Ошко аким кылып дайындаган. Ошентип Курманжандын даңкы Ферганага гана эмес Орто Азияга тарап, аброю өсүп өткөн кылымдын 60—70-жылдарында Фергана чөлкөмүндө Курманжандан өткөн таасирдүү адам болгон эмес.

1876-жылдын февраль айынын 19-күнүндө Кокон хандыгын жоюу жана Фергана областын түзүү деген указ менен Фергана чөлкөмү орус курамына өттү. 1875-жылы февраль айында кичи Алайда Искакты кармап кетишкенде, Абдылдабек күрөштү улантa берет. Апрель айларынын башында ал генерал Скобелев башчылык кылган орус аскерлери менен болгон кармаштарда бир аз ийгиликтерге ээ болгондугуна карабастан 25-апрель күнү Жаңырык деген жердеги салгылашууда жеңилип калган Кийинки жай айларында да бир нече кармашуу жүргөн. Бирок, Абдылдабек иниси Мамытбек экөө Кызыл-Артты ашып, Памирге бет алууга аргасыз болушкан. Күрөштү улантууну көздөгөн Абдылдабек Памирде, кийин Оогандстанда кол топтой баштайт. Генерал губернатор Кауфмандын буйругу менен Скобелев жана майор Ионовго Курманжан - датка менен сүйлөшүү тапшырылат. Майор Ионовдун аракети жана Шабдандын көмөгү менен жай айларында Курманжан уулу Камчыбек, небереси Мырзапаяздын коштоосунда Скобелевге Мады кыштагында жолугуп, Алай өрөөнү гана эмес Фергана чөлкөмүнүн элинин Орусияга кошулуусуна макулдугун берген. Т. Касымбековдун «Кел кел» романында келтирилген маалыматтарга караганда Курманжан датка Скобелевге жети ачкыч тапшыруу менен Фергананын жети шаарынын: Оштун, Анжияндын, Өзгөндүн, Кокондун, Намангандын, Маргаландын жана Кожентгин тагдырын Орусия империясынын колуна тапшыргандыгын символдуу түрдө билдирип, беш пункттан турган шартнаамага кол койгон. Бул факты али документалдуу түрдө так аныкталбаса дагы анын чындыгы бар. Анткени, 1876-жылы Кокон хандыгы кулап, Фергана чөлкөмү Орус падышачылыгына өткөн кезде багынып берүүгө шартнаамага кол коё турган бир да абройлуу адам хандыкта калган



эмес. Ошондуктан Фергана өрөөнүнө кадырлуу Курманжан даткa гана шартнаамага келишип, Фергана чөлкөмүнүн Орусияга кирүүсүн мыйзамдаштырууга ылайык эле. Натыйжада Курманжан Алайдын канышасы деп таанылып, кийинчерээк Скобелев, Ош уездинин начальниги Ионов, ал турсун Түркстан крайынын генерал-губернатору Кауфман менен тыгыз алака кылып турга 1876-жылдын күзүндө Кабулдан Курманжандын Абдылдабектен башка балдары Мамытбек, Асанбек, Батырбек келишет да Ошту, Өзгөндү, Кичи-Алайды, Ноокатты башкарып калышкан.

Ошентип, кан төгүшүү токтоп, датканын көсөмдүгү менен тынчтык орногон.

Курманжан—датка айым орус төбөлдөрүнө да коомдук жана мамлекеттик ишмер, билги катары белгилүү болгон. Бекеринен аны Кауфман баш болгон орус генералдары «Алай канышасы» деп атаган эмес. Курманжан—датка өз мезгилинде Фергана облусунун акимдери Скобелев, Абрамов, Арандаренко, Ионов (генерал губернатор) Кауфман, Черняев, Вревский, Иванов, Духовский ал турсун Россиянын келечектеги согуш министри Куропаткин сыяктуу адамдар менен дос, тааныш болгондугу маалым. Алар менен тез-тез кат алышып, кээде Ошко, Жаңы-Маргалан (Скобелев) шаарларына келип сүйлөшүп да турган. Курманжандын билгилиги жана кадыры: Фергана чөлкөмүнүн тоолуктарын орус колонизаторлоруна каршы көтөрүлүштөрдөн, бекерге кырылып кетүүдөн сактап, элдин тынчтыгына жана башка элдердин өз ара ынтымагына оң таасирин тийгизип турган.

Ал эми согуш министри генерал Куропаткиндин катында 1901-жылдын 1-декабрында император Николай II өз кабинетинен асылташтуу шакекти Курманжанга атайы белек катары берип жибергендиги жөнүндө маалымдайт. Бул маалыматтар Курманжан энебиздин Петербургка чейин даңкы жеткен улуу тарыхый инсан катары белгилүү экендигин дагы бир жолу ырастайт.

Курманжан энебиздин дагы бир мүнөздүү белгиси анын ыйыктыгы. Жогоруда айтылгандай Курманжан жаш кезинен эле такыбада үй-бүлөдө тарбия көрүп, кийин чоң медресенин ээси болгон Алымбектин жубайы болгондугуна байланыштуу, кезегинде элдин айтымында Оштук эшендерге кол берген адам. Белгилүү Хувайда эшендин урпактарынын бири Салахиддин эшендин мезгилинде, алар менен эң жакшы мамиледе болуп тургандыгы маалым. Ош чөлкөмүнүн билгиси, Анжияндын беги, Кокон хандыгынын мамлекеттик ишмери Алымбек датканын жогоруда айтылган медресенин болушу, ал медресеге чегерилген 1825 гектар чамасындагы вакф жери (Чын-Абад жана башка жерлер), аталган накфта алгач Алымбек өзү андан кийин анын урпактары Жаркынбай мырза, Абдылдабек, Батырбек, Асанбектердин

муптавалий болуп турушу, Алымбек гана эмес анын балдары 1865-жылдан баштап Оштун акими болуп турган Абдылдабектин Оштогу Шайтан-Тобо, Сарай көчө кварталдарындагы вакфтык участкалары кийин Асанбектин мезгилинде да бир топ вакфтык участкалардын болушу (Бул маалыматтар 1962-жылы Ош тургуну Д. Зайнабидиновдун кыргыз илимдер академиясына берген документтеринде сакталган). Курманжандын үй-бүлөсүнүн бардык мүчөлөрү диний мекемелер жана «ыйык» адамдар менен байланышта экендигин маалымдайт. 1895-жылы кичүү уулу Камчыбек Оштун чоң базарында даргага асылган күнү Курманжан Салахиддин эшендин үйүндө намаз окуп олтургандыгы жөнүндөгү маалыматты азыркы кезде атактуу эшендин тирүү урпактары билишет. Ошол себептүү Камчыбек шейит кеткен инсан катары Оштун белгилүү мазарларынын бирине коюлган (1907-жылы «Исторический вестник» журналына чыккан) И. П. Ювачевдин макаласында Камчыбек Сар-Мазарда коюлган делет).

Курманжан энебиздин инсандык турпатынын дагы бир орчундуу белгиси — анын терең интернационалдуулугу жана жалпы эли журтка багытталган даанышмандыгы. Архивдерде сакталган анын орус генералдарына жазган каттарында жана башка тарыхый маалыматтарда датка өзүнүн пикирин, демилгесин, пакылын, жалаң гана өз элине эмес жаңы журтка, жалпы элге багыштайт. Кудаяр—хандын зомбулугуна, орус колонизаторлоруна, каршы болсун, көтөрүлүштөрдө түштүк Кыргызстандын Орус мамлекетине кошулгандан (1876-жыл) кийин анын ишмердүүлүгүндө Курманжан жалпы элге тең интернационалдуу инсан экендиги көрүнгөн. Анын образынын улуттук белгилерден озуп чыккан кең образ экендигин тарыхый маалыматтар ырастап турат.

**Т. КЕНЕНСАРИЕВ,**
**ОшПИнин доценти.**

## КУРМАНЖАН ДАТКА ОРУС БИЙЛИК ӨКҮЛДӨРҮ МЕНЕН КАТ ЖАЗЫШЫП, КЕҢИРИ АЛАКАЛАШЫП ТУРГАНДЫГЫ МАЛЛЫМ. КЕЗЕГИНДЕ МАМЫТБЕК ОШОЛ КАТТАРДЫН БИР БООСУН САКТАП ЖҮРГӨНДҮГҮ АЙТЫЛАТ. АЛ КАТТАРДЫН КӨБҮ АЛГАЧ ОШ УЕЗДИНИН НАЧАЛЬНИГИ БОЛУП, КИЙИН ФЕРГАНА ОБЛУСУНУН СОГУШТУК ГУБЕРНАТОРУ ГЕНЕРАЛ ИОНОВДОН ЭЛЕ ТӨМӨНДӨ 1885-ЖЫЛЫ 7-ОКТЯБРДЕ КУРМАНЖАНДЫН ӨЗ КОЛУ МЕНЕН ЖАЗЫЛЫП, МӨӨРҮ БАСЫЛГАН КАТТАРЫНЫН БИРИНИН ТЕКСТИ БЕРИЛЕТ.

«Улуу урматтуу жана чексиз кадырлуу Фергана облусунун облустук губернаторго Ош оёзунун кызматчысы Курманжан —



даткадан кат.

Терең, ардактуу Сизден кечирим суроо менен мен төмөнкүлөрдү билдиремин. Фергана мусулман өлкөсү Орусияга моюн сунбай турган мезгилде мен сиздер менен согушканмын жана каршылашканмын! Кийин Абдылдабек бир туугандары Мамытбек жана Асанбектер менен Ош аркылуу Кабулга качты. Куруган мен, кичинекей Камчыбек менен Алайда калдым. Ошол мезгилде Оштун начендиги Ионов төрө генерал менен (Скобелевди айтып жатат. — К. Т.) Алайга келди жана мени генерал менен тааныштырды. Генерал Скобелев мени жылуу кабыл алды жана мага урмат менен мамиле кылды. Мен ага ыраазы болуп калдым.

Россия өзүнүн улуулугу жагынан Рим менен тең тайлашат. Мүмкүн, азыркы учурда дагы да кеңейүүдөдүр.

Азыр уулдарым кайрадан мага келишкен. Алар көп азаптарды тартышып, жеңиштен үмүттөрүн үзүшкөндө мен бирөөдөн мында келүүсүн буюруп кат жибергенден кийин гана алар бул жакка кайтышты. Кудайдын буйругу менен Абдылдабек ал жакта набыт болду. Мамытбек менен Асанбек эсен-соо келишти.

Андан кийин мен Түркстан генерал-губернатору Кауфман менен ал Ошко келгенде жолуктум. Ал дагы мага урмат менен кайрылып:

«Эгер Сиз мени уксаңыз — анда Сизге эң жакшы болот жана Сиз ак падышанын кабыл алуусундай эле пайда көрөсүз» деп айтты. Маркум генерал-губернатор (К. П. фон — Кауфман 1881-жылы өлгөн) падышанын буйругу менен мага ар айына 25 сомдон пенсия төлөп турган. Мен ага жекече ыраазылыгымды билдире албай турганыма азыр өкүнөмүн!

Кудайдын ракымы менен азыр үч уулум бар. Биз эч убакта мындай мамлекетти көргөн эмесбиз. Байыркы замандардан бери өлкө өзүнүн жетимдерине мындай боорукерлик кылган эмес! Бул мамлекетте бардык эл менен бирдикте биз өз тууганларыбыздай көрүп чогуу жашай беребиз! Эгер биз кокустан мамлекеттин абройон таназар албастан: ага чыккынчылык ойлосок, анда бизге өмүр бою кечиргис күнөө жабылат! Мен, эгер бул мамлекетке кимде ким мындан ары бүт жүрөгү, чын пейли жана терең урматы менен мамиле кылса, анда кудай өзү мурунку кезде мамлекетке каршы жасалган бардык аракеттерибизди кечирет деп ойлоймун!

Азыркы тынчтык мезгилде мындан ары менин бүткүл эл-журтум, мен өзүм жана уулдарым, туугандарым эч качан силерге каршы көтөрүлбөйбүз деп мен Жарыя кыламын! Биз тараптан эч кандай жарамсыз иштер жасалбайт! Эгер менин элим кандайдыр бир жамандык издеп, мамлекетке чыккынчылык кылса,

анда күнөөлүүнү эң оор жаза менен жазалаймын жана өмүрүмдүн акыркы күндөрүнө чейин өзүмдү кыйнап өтөмүн!

Ушул сөздөрүмдү бекитүү үчүн мөөрүмдү басамын!

Маматбай кызы Курманжан - датка».

(Бул каттын текстин Өзбек ССРинин мамлекеттик архивинин 19-фондунун 1-описинин 1629-иш— папкасынын 1-барагынан алдык).

— * —

## 1876-ЖЫЛЫ «АЛАЙ ИЛИМИЙ СОГУШТУК ЭКСПЕДИЦИЯСЫНЫН» МЕЗГИЛИНДЕ ГЕНЕРАЛ СКОБЕЛЕВДИН ОРУС КОЛОНИЗАТОРЛОРУНА КАРШЫ КӨТӨРҮЛҮШЧҮЛӨРДҮН ЖЕТЕКЧИСИ КУРМАНЖАН—ДАТКАНЫН УЛУУ УУЛУ АБДЫЛДАБЕККЕ ЖАЗГАН КАТЫ.

(Бул катты Шабдан - баатырдын иниси Абдырахман үч жигиттин коштоосунда Абдылдабектин лагерине 1876-жылдын 22-июль күнү алып барып берген К. Т.)

«Абдылдабек—датка! Сизден Абдулкерим бекти кошуп алып, (ичкилик кыргыздардын көтөрүлүшчүлөрүнүн башчысы, уруусу «абат» К. Т.) өз ыктыярыңыз менен бизге келүүңүздү сунуш кыламын!» Сиз, жеңилбес орус армиясын тоолор да, суулар да, душмандар да токтото албасына ошондой эле алардын алдында өзүңүздүн туруштук бере албастыгыңызга көзүңүз жетти.

Ошондуктан Сиз качандыр бир кезде биз тараптан колго түшмөйүнчө качкын болуп жүрө берериңиз айкын!

Эгер Сиз бизге багынсаңыз анда жарым падышанын (фон— Кауфман — К. Т.) улуу боорукердигине жана ырайымдуулугуна бөлөнөсүз!

Чынында өзүңүз баарын жакшы түшүнөсүз...»

(Москвадагы борбордук мам. согуштук-тарыхый архив. 1396 фонд, 2-опись. 97 иш-папкасы, 154-барак).

## БУЛ КАТКА АБДЫЛДАБЕК ӨЗ КОЛУ МЕНЕН ЖАЗГАН ЖООБУ:

«Улуу урматтуу Скобелев төрөгө.

...Тынчтык жөнүндө Сиздин жазган катыңызды биз алып ыраазы болдук. Кудайга жана анын пайгамбарларына ишенген биз ушул мезгилге чейин силерге каршылык көрсөтүп келебиз. Бул иш Сиз тараптан жасалган шартты бузгандык үчүн жасалып олтурат. Мисалы: Жарым паша Насреддинге Кокон хандыгын берип койгону менен, аны алдап кайра Сибирге жөнөтүп жиберди. Ал эми Сиз, генерал Скобелев, так ошондой эле жол менен элге кадырлуу Абдырахман Афтобачыны жана бир нече биздин бийлерди кошуп, Коконго олтургузамын деп куру убада менен шартташып, анан аларды колго түшүрүп алгандан кийин, кайра Сибирге жөнөттүңүз.



Мына ушулардын баары биз үчүн коркунучту жана ишенбөөчүлүктү туудурган. Ошондуктан Исламды туткан бир нече адам силерге катуу каршылык көрсөтүүгө бел байлагандбыз!

Сиз өзүңүздүн чоң жана жеңилбес армияңыз менен сыймыктанасыз, а биз төмөнкү адамдар кудага сыйынуу менен гана ишүгүрчүлүк кылабыз. А мүмкүн асмандагы жараткан бизге ыракым кылаар!..

Эгер Сиз берген убадаңызды дайым аткарсаңыз, анда биз макулдугубузду берет элек. Бирок жогорку себептер менен биз денебизден жаныбыз чыкканча сиздерге каршы күрөшөбүз. Биз, көчмөнбүз, ошондуктан бизге эч кандай мүлктүн кереги жок, кудайдын берген даамын татабыз!

Токмоктон баштап Сиз кыргыздарды, кыпчактарды, сарттарды убадаңызды аткаруу менен багындырып келе жатасыз. Ал эми Коконду алганда сиз таптакыр өзгөрдүңүз, ошондуктан ушул толкундоолор чыгууда, эгер бир сөзүңүздө турсаңыз бул болмок эмес!

Эгер Сиз тынчтыкты каалап, убадаңызды аткарсаңыз, анда бул ишти Шабдан—баатырга тапшырыңыз, биз ошого макулдугубузду беребиз. Шабдан кандай деп ойлосо ошондой деп чечсин. Чынында ал өз ишиңиз!

Анан дагы бир нерсе. Эгер ШабдандыОш уездине калтырсаңыз анда ал бул жерде тынчтыкты орнотоор эле деп ойлоймун! Абдылдабектин мөөрү».

(Жогорку аталган архивдик иштен алынды).

## АБДЫЛДАБЕКТИН ЖОГОРКУ КАТЫНА ЖООП КЫЛЫП СКОБЕЛЕВДИН 1876-ЖЫЛЫ 27 ИЮНУНДА ЖАЗГАН ЭКИНЧИ КАТЫ:

«Сиздин катыңызга жооп кылып мен төмөнкүлөрдү билдирмекчимин...

Мен мурунку катта баарын түшүнүктүү эле жазгамын. Дагы да Сиз менен түшүндүрүшүүгө чама жок. Ошондуктан Сиз ырайымды кааласаңыз, анда мен атайы жиберип жаткан Шабдан— баатыр жана Ташбек менен бизге келиңиз! Скобелев!»

(Бирок Абдылдабек айткан убадасында туруп барган эмес. — К. Т.) Жогорку аталган архив).

## ТУРКСТАН ГЕНЕРАЛ ГУБЕРНАТОРУ К. П. ФОН-КАУФМАНДЫН (1867–1881-Ж. УШУЛ КЫЗМАТТА ТУРГАН — К. Т.) ОРУС ИМПЕРИЯСЫНЫН СОГУШ МИНИСТРИНЕ ЖАЗГАН 1880-ЖЫЛЫ 15-ДЕКАБРДЕГИ КАЙРЫЛУУСУ.

«...Фергана облусунун Ош уездинде жашоочу кыргыз аял Курманжан—датка мурунку Кокон хандыгынын мезгилинде чоң атак-даңкка, дөөлөткө ээ болуп, Ажыбек уулу уругунан салык алууга, Коңурат, Маяк жана Алтыбай арыктарынан караж (жер салыгы) алууга укуктуу болгон. Андан тышкары Курманжан ар жылы хандардан баалуу белектерди алып турчу. Бирок Кокон хандыгы Орусияга киргенден кийин бул каражаттардан ал ажырап калды.

Сизге белгилүү болгондой кара—кыргыздар жаңы тартипке тез эле макул болушкан жок. Жаңырыктагы окуядан (1876-25-апрелдеги Алай өрөөнүнүн Жаңырык капчыгайындагы салгылашуу — К. Т.) жана кийинки бир нече кагылышуулардан кийин гана Курманжан — датканын уулдары жетекчилик кылган Орусияга каршылык токтоп, орус курамына ыкрар кылышты.

Курманжан—датка бул мезгилде эң зор таасирдүү адам эле. Алгач ал генерал—Скобелев, андан кийин 1876-жылы мага жолукту.

Кудаяр–хандын тушунда — ал жесир калып датка деген наам алган, ал генерал деген чиңге барабар. Кара—кыргыздардын 1876-жылы тополоңунда Курманжан өзүнүн мал-жанынан айрылып калган. Азыркы кезде анын бир аз жери жана мал-мүлкү болгонуна карабастан менин билишимче датка турмуштан кыйналууда.

Курманжан датканын улгайганын жана анын ээлеген ардактуу ордун, ошондой эле кара—кыргыздардын арасындагы кадырын жана таасирин эске алып мен (Кауфман К. Т.,) сизден даткага мамлекеттик казынанын эсебинен жылына 500 сом өлчөмүндөгү пенсия берип турууга жардамдашууңузду суранамын».

(Бул чечим жылына 300 сом өлчөмүндө падышанын 1881-жылы 1-апрелиндеги указы менен бекилген.— К. Т.)

Аталган кат Москвадагы Борбордук мамлекеттик согуштук-тарыхый архивдин 400-чү фондусунун, 1-описинин, 694-иш папкасынын 1-баракчаларынан алынды).



## ШАБДАНДЫН ЭСКЕРҮҮСҮНӨН

Кийинчерээк Алай жортуулу жөнүндө Шабдан өзүнүн өмүр баянында төмөнкүчө эскерет: «...Скоблев Алай жортуулун Абдылдабекке каршы баштады. Жолду билбей, тоодо жүрүү кыйын болгондуктан менин жигиттериме муктаж эле. Скоблевдин аргындардан турган 25 жигитин Абдылдабек алдап олтуруп, бөгөттөн колго түшүрүп баарын мууздатып салыптыр. Жол көрсөткүчтөрүнөн айрылган Скоблев мени жардамга чакырууга аргасыз болду. Мен Баякени баш кылып, 40 жигиттен турган кошуунум менен Ошко келип Скоблевге кошулдум. Келгендин эртеси Шут капчыгайына өрдөп чыга баштадык. Капчыгайда Абдылдабектин аскерлери бизди күтүп жатышты. Капчыгайга жеткенде Скоблев мени 20 жигитим менен алдыга жиберди.

Капчыгайды өрдөй берип мен Абдылдабек энеси Курманжанды баш кылып бала-чака, кары-картаңдарын таштай качканын көрдүм да болгон окуяны баяндаш үчүн бир жигитимди Скоблевге чаптырдым. Колго 40 туткун, көптөгөн кара мал жана дүнүйө-мүлктү колго түшүрдүм. Скоблев айылдарды чаап-тоноп колго түшкөндүн баарын ала бергиле деген сунушун айтты. Мен ага макул болбой, мен орустарга кызмат өтөө үчүн келгемин, чаап-тоноо үчүн келген эмесмин деп болбой койдум. Ушул жерден Скоблев менин чинимди көтөрүү жөнүндө сунушун жазды».

(«Кыргыз Маданияты» газетинин 1991-жылдын 27-санынан алынды).



ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ N 431154

## АКЫЛДЫН ЧОЛПОН ЖЫЛДЫЗЫ

Биз жашаган бул күнгө да кечкирет,
Ай айланып, жылдын нугу эскирет.
Адам пенде элге кылган эмгегин,
Унутулбай улуулукка жеткирет.
Ошол инсан датка энебиз Курманжан
Кылым сырын келе жаткан черткилеп!

Аруулукту издеп таап өзгөдөн,
Ар-намысты, жакшылыкты көздөгөн.
Акыл кенин адамдарга тартуулап
Дилде жаткан чындыкты айткан сөз менен!
Өз доорунун каргашалуу күндөрүн, —
Көрүп турган акыл менен, көз менен!

Кадыр-баркы калк ичинде макталып
Канча татаал өлкө ишин аткарып —
Сырын тартып кара ниет душмандын
Калабалуу кармаштардан сактанып,
Эр—азамат уул-кыздарды өстүрүп
Эл ишине турган дайым аткарып!

Акыл-ойдун жылдызы кол жетпеген,
Ар-намысы чынар болуп көктөгөн.
Бардык улут бак-дөөлөтүн баалашып,
Кас душманы каршы алдынан өтпөгөн.
Катуу кайгы башка түшкөн күндө да
Кабак бүркөп капаланып чөкпөгөн!

Ала-Тоонун ак мөңгүсү жалтырап
Ар бир көзгө түркүн элес калтырат
Дал ошондой датка эненин зыйнаты
Кылымдардын кыйрына агат шаркырап!
Ар убакта жанып турат төбөдө
Ал акылдын чолпонундай жаркырап!

Кармышак ТАШБАЕВ.

## ӨЧПӨГӨН ЖЫЛДЫЗ ТУРАТ ТАРЫХТАГЫ

Закымдап мезгил учат күлүк аттай,
Замандар өзгөрүлөт далай-далай,
Зардабы Ата—Журттун тарыхынын,
Залкарлар өмүрү го Курманжандай.
Кордотпой арамдыкка адалдыкты,
Колдотпой жакшылыкка жамандыкты,
Коргогон опурталдуу көп мүшкүлдөн,
Коогадан жүдөп турган калайыкты.



Эченин түйүндөрдүн чиеленген,
Элинин эртеңи үчүн чечип келген.
Энедей канатына калың журтту,
калкалап канча сапаа кечип келген.
Адамдык эң бир асыл сапаттары,
Айтылып кылымдарга калып дагы.
Өмүрү, элге арналган, өрнөк болуп,
Өчпөгөн жылдыз турат тарыхтагы.

ГҮЛБАДАМ МАТИЕВА.

## ХАНЫША ЭНЕ

Алай десе эске түшөт ханыша
эне,
Айтышат уламышта карыялар: —
«Элине дилгирленген бир жан
эле,
Алды менен саламдашып алалы:
— Кут болсун, маарекеңиз датка
эне!
Бүгүн Сизге, таазим өтип
ийилебиз,
Заманаң закымданып, кыйын
болду,
Бөтөндөр Ата-Журтка суктанышып,
Бейуруксат астанаңды атташты
эле,
Тостуңуз, энелик мээрим менен,
Максатың, — эки элди
кагыштырбай,
Жашоонун кансыз жолун ачуу эле.
Ойлоруң, ашык сымал калчаланып,
Акылың, ай нурундай шоолаланып,
Туу тутуп, туулган жердин
топурагын,
Мөөр басып, келишимге
жоолашпаска
Улуулугуң урпагың өлчөп көрдүк,
Сөз табалбай өзүңүзгө эмне
дешке...
Калкыңды калкалап канатыңа,
Турдуңуз, акыл чайкап, катаал
кезде,
Атагың ханыша эне, кылымдарда,
Айтылып, дастаның жыйындарда...

Абдыжапар ЖЭЭНБЕКОВ.

## АЙТЫМДАРДАН

Орто Азия аймагында 1850—1864-жылдардын ортосунда Датка деген жогорку наамга татыктуу болгон көрүнүктүү он адамдын жарымы, тактап айтканда, бешөө кыргыз жергесинен экенин айтсак бардыгыбызга тең закондуу сыймыкты туудурбай койбойт. Мындай ардактуу наам илгери Бухара эмири тарабынан бар болгону он кишиге гана бериле тургандыгын айтсак огобетер дымагыбыз көтөрүлө түшөр деп ойлойм. Мына ошол беш датканын бири бийик тоолуу Жумгал аймагынан чыгып, ал Медет Датка деп аталган. Ошондой эле Чүй өрөөнүнөн Айдарбек Датка, Талас аймагынан — Ажыбек Датка чыккан. Ал эми асман менен бой тирешкен атактуу Алай өрөөнүнөн удаама-удаа эки адам мына ушул жогорку наамга татыктуу болушкан. Алар Алымбек Датка — жана анын каарман жубайы — Курманжан Датка.

Курманжан Даткага бул наамды Бухара эмири Саид Музафардын өзү 1862-жылы атайын Ошко келип ыйгарган жана ага эстелик катарында бухаралык чеберлер өзгөчө аземдеп жасаган күмүш кылычты өз колу менен тапшырган.

Курманжан Датканын жана анын балдарынын, неберелеричөбөрөлөрүнүн өмүр жолу жөнүндө басма сөздөрдө, радиодо телеэкрандарда, тарыхчылардын, карылардын аңгемелеринде ар түрдүү пикирлер жана божомолдоолор айтылып жүрөт.

Бирок, Курманжан Датканын нагыз Жапалак кызы экендигине эч кимдин талашы болууга тийиш эмес. Мен үч жыл удаасы менен Ажике, Алай жана Чоң—Алай өрөөндөрүндө жайлоо Советтеринде иштеп жүргөм. Мына ошондой шарттарда алайлык карыялар гана эмес, орто жаштагы адамдардан да Курманжан Датка жана анын балдары жөнүндө көп укканмын. Өзгөчө Акбий миңбашы деген бир кыйла жогору оокаттуу адамга чыккан жапалактык Тажыгүл деген аял Курманжан Датканы абдан жакшы билген. Өз ара барыш-келиш болуп жүрүшкөн. Датканын сүйүктүү уулу Камчыбекти дарга асып өлтүрөрдөн он беш күн мурда Ошто Датка менен бирге болгонун өзгөчө кабыргасы кайыша сүйлөп берген эле. Жакын жердеш болгондуктан Тажыгүл Датканын башына түшкөн кайгыга ортоктош болгон. Жапалак менен Төлөйкөн кыштактарындагы эл Датканын ал-абалынан дайыма кабар алышып, анын кайгысын жеңилдетүүгө колдорунан келишинче аны жөлөп-таяп, ар тараптан жардамдашууга даяр турушкан...

Ошол кезде сексен төрт жашка келип калган Датка өзүнө бүткөн сабырдуулуктун, чыдамкайлыктын касиети менен өзүнөзү кармай билген, анда биротоло кайгыга батып, акыл-эстен



таюунун эч кандай белгиси да болгон эмес. Ал бардыгын тең укмуштай туруктуулук, сабырдуулук менен өз ичинде сактап, башкаларга да ошондой эле сабырдуулук таасирди тийгизген. А түгүл Камчыбекти абакканадан алып чыгышканда эң ишенимдүү жоон топ азаматтардын шамдагайлык кол салуусу менен аскерлердин колунан куткарып, Алайды көздөй алып качуу жөнүндө кээ бир жеңил ойлуулардын сунуштарын датка ошол замат эле четке кагат да, «Кудай кылса кубарыңдын акысы барбы» деп кесе айткан. Андай кадамдын бүткүл элди укмуштай оор жана чексиз кайгылуу кесепеттерге дуушар кыларын түшүндүрүп: «Бул күнөөсүз өлүм — шейит өлүм гана болот. Ал ондогон бейкүнөө адамдардын өмүрүн сактап калуу дегендикке жатат. Андан көрө бардыгыбыз тең ага: «Жаны жаннатта болсун, деп тилешибиз гана керек...»

Мына ушундай деп Датка биздин коштообуз менен Оштун абакканасын көздөй жөнөдү.

Аерге барсак аскерлер да топтолгон, эл да көп экен. Абакканадан алып чыккан кадимки чоң эки дөңгөлөктүү саяван араба бүт бойдон кара кездеме менен чүмкөлүп, ага чегилген аттын кулачын жабуучу да кара чүпүрөктөн, Арабанын ичинде: арка жагында да, алды жагында да мылтыкчан солдаттар. Арабанын артынан жана эки жагынан ээрчий баскан солдаттар да мылтыкчан. Оштун эски шаарынын сай боюндагы аянтчасына орнотулган дарганын айлана-тегерегин бүт солдаттар ээлеген. Алардын арт жагында эсепсиз көп эл даргадан көз албай карашат. Биз да Датканы колтуктап сүйөп дарганын так маңдайына барып жайгаштык. Бир маалда жаңы шаардан түшкөн маатамдык саяван араба даргага жакын келип токтоду. Анын ичиндеги солдаттар кишенделген Камчыбек менен Ак Палванды арабадан түшүргөн кезде аянтчада куду анардын уругу сыяктанып жыкжыйма болуп турган элдин оор күрсүнүүсү нары жакта буркан-шаркан түшүп күңгүрөнгөн Ак-Буура дарыясынын үнүн басып кетти.

Даргага Камчыбек менен Ак Палванды алып чыгышты Баштарына маска кийген албеттүү желдеттер аларды сыйыртмактын астына алпарышты...

Башын жерге салып, элге тике карабай жер тиктеп турган Камчыбекти серепчилеп көрө койгон Датка:

— Эмне сукут салып турасың, балам! Башыңды өйдө көтөрүп, тике карап тур, айланайын! — дебийди.

Камчыбек ошол замат селт эте түшүп, башын көтөрдү да так оропара — маңдайында турган ак элечекчен апасын көрө коюп көз ирмебей ага тигиле карап турду...

— Мына ушинт, балам. Бир аз болсо да тиктеп алайын — ай жүзүндүн көлөкөсү чечекейимде сүрөт болуп түбөлүккө жүрсүн... Эми кош бол, өчүп бараткан чыгарым! Жаның жанатта болсун!.. Адамдар үчүн ак жерден кетип баратасың... Мен сага миң мертебе ыраазымын. Кебимди эки кылбай шейит өкүмгө мойнуңду тосуп бердиң... Бу дүйнөдө да, о дүйнөдө да ыраазымын, кулунум... Кош топурагың торко болсун... Оомин, обло акбар!.. — деп Датка эки алаканын кеңири жайып бата кылды. Аяптчадагы миңдеген адамдар аны колдоп кетишти... Ак-Буурапын аза күтүп күңгүрөнгөн кайгылуу, үнү кара жорго менен Мадыны көздөй бараткан Алай Ханышасын иликтеп, кулагынан кетпеди...

Алайдагы Акбий миңбашынын зайыбы — Тажыгүлдүн 1928-жылы Демей жайлоосунда мага даанышман Датка жөнүндө айтып берген мына ушул эскерүү аңгемеси күнү бүгүнкүгө чейин эсимен кетпейт...

Анын — Тажыгүлдүн тун уулу Төрөхан Акбиев да Мадыда туруп дүйнөдөн кайтты. Андан башка Жусу, Мырзабек, Жумабай деген балдары, Айым деген кызы да боло турган. Ошолордун бүрөө-жарымы бул баянды окуп калса, Датка жөнүндө ой бөлүшсө жакшы болоор эле...

Өзүнүн сүйүктүү балдарынын бири Абдылдабектин падышалык бийликтер тарабынан куугунтукталып Ооганстанда өлгөндөн кийин Курманжан Датка аябай кескинип калган эле. Ошондуктан ал көп убакытка чейин падышалык бийликтин буйрук-жарлыктарына моюн сунбай, ага каршы күрөштү улапта берди. Бирок, эң акырында падышалык генералдардын ичинен Скобелев сыяктуу өтө ийкемдүү адам пайда болуп, Даткага өзүнүн майор чининдеги өкүлүн атайын жиберип, аны тынчтык жолу менен сүйлөшүүгө, эби келсе падышалык, бийлик менен элдешүүгө чакырат.

Өткөн кеткендерди, келечекти дайыма эсте тутуп,акыл-эстүүлүк менен тыянакка келип, Курманжан датка Маматбай кызы бул жолу да акылмандык кылып генералдын атайын жөнөткөн өкүлү майор Ионовду чоң ызат-урмат менен кабыл алып, падышалык кексе генералдын сунушун макул тапты жана ийгиликтин илеби көрүнүп турган ишти кечиктирбей, майор Ионов менен кошо генералды көздөй жол тартты.

Фергана областынын генерал-губернатору Скобелев датканы мына ушул шаарда чоң салтанат менен тосуп алат. Бул жөнүндө өзүнүн жогору даражалуу улуктарына жиберген билдирүүсүндө Курманжан датканы «Алайская царица» — «Алай — ханышасы» деп атайт.



Курманжан датка бул жолугушууга өзүнүн уулу Асанбек жана жеке сакчысы менен барат. Мына ушул күндөн тартып падышалык Россия үчүн Алайга жана андан ары Памирге жол ачылып, тынчтык өкүм сүрө баштайт.

Жалаң гана кыргыз жергесин, Орто Азия аймагын эмес, бүткүл Россияга, атүгүл дүйнө жүзүнө атагы чыкка Алай ханышасын ар дайым зор сыймык менен эскеребиз. Жапалактан жалгыз чыккан даңазалуу Датканын Курманжан Маматбай кызынын туулган күнүнүн жүз сексен жылдыгына байланыштуу, анын жердештери Кара-Суу районундагы Жапалак айылынын күн батыш тарабындагы Маматбайдын коргонун изилдешип, ханышанын киндик каны тамган ошол ыйык жерди зыярат кылуучу жайга айландырышса кандай жакшы болоор эле.

М. АБДУКАРИМОВ.

## БИЗГЕ ДА БЕКТЕР ТАРКАГАН

«Алай ханышасынын» атак-даңкы кыргыздын бардык булуң-бурчуна тарагандыгын тастыктай турган эл оозунда уламыштар көп болгон. Азыркы Ысык-Көл облусунун Тоң районунун борбору Бөкөнбаев селосунда жашаган абаларыбыз Жунушбай Алчинке уулу 1901-жылы он алты жашында (бул абам 1963-жылы 76 жаш курагында каза болгон). Тоңго барып калган Шамшилде аттуу өзбек соодагер, элден мал сатып алып, Анжиянга мал айдаганга жалданып, түштүккө келет. Малдарын сатып бүтүшүп, Ош тарапка Мадыга токтошот. Абамды сатылбай калган мал менен чайкананын жанында калтырып Шамшилде Ошко жумуштап кетет.

Мына ушул жерден кыргыздын канышасын көргөмүн, — деп Жунушбай абам көп айтаар эле. Анын айткандарын жазып алган киши болго жок. Ушул үзүндүлөрдү маркум Кыргыз эл акыны Жунушбаева Тенти (кийин Адышева) эжебиздин эскерүүсүндө жазылып калган экен.

Кийин 1954-жылы Тенти эжебиз Мусага баш кошкондо Жунушбай абам тагдырга таң калып:

— Тобо, Курманжандын тукуму Адышбек кийин мага бир тууган куда болоору ойго келди беле? Буйрукту кара! — деди. Ошондо Муса мындай деп түшүндүргөн.

— Ата! Атамдын аты Абдырахман экен. Кийин эркелетишип, Адыш, Адыш дешип жүрүшүп эле Адыш болуп калыптыр. Абамдын көргөн-билгендерине Муса да көп кошумчаларды киргизгендиги чындык. Мусанын атасы Адыш Кеңеш бийлигинин тушун-

да болуштук кызматты аткарып жүрүп 34 жашында 1919-жылы катуу оорудан каза болгон.

1895-жылы Россия падышачылыгынын зомбулугунан даргага асылган Датканын кенже уулу Камчыбектин уулу Кадырбек басмачыларга каршы салгылашкан отряддын командири, өз колу менен Мойдун корбашыны колго түшүрүп, анын басмачыларынын көбүн туткунга алган эрдиги үчүн 1919-жылы, Граждандык согуштун Баатыры К. Блюхер менен катар «Кызыл Туу» ордени менен сыйланды. К. Блюхердин ордени № 1, Камчыбеков Кадырбектики № 12 болгон. Ошол мезгилде датка эненин айылын «Төртүнчүлөрдүн айылы» деп аташчу экен.

Ошентип, Жунушбайдын таасири менен биздин Тоңго да бек аттуулар таркап, менин атымы да Мамытбек коюшуптур.


Датканын көзү өткөн учурда анын 183-тукумунун 98и (эки уулу, эки кызы, 31 небереси 57 чөбүрөсү, 6 чебиреси) тирүү жашап жатышкан. Андан соң кийинки туулган Муса сыяктуу чөбүрөлөрү өсүп-өнүгүп кыбыраларын таппадыбы. Менин дагы бир мүдөөм бул Адышов Муса жөнүндө Кыргыз жумуриятынын Илимдер Академиясынын экинчи Президенти болгон атактуу инсандын ысмы менин билишимче Алай районунун Гүлчө айылындагы бир орто мектепке ыйгарылыптыр. Эмне үчүн Академиянын бир институтуна ыйгарып койсо болбосун!

Мамытбек ТОКТОРБАЙ уулу





Датка төртүнчү уулу Асанбек (солдо) жана жанжоокери менен.



Датканын үчүнчү уулу, Мамытбек (ондо) кызы Тотунун се бинин жанында жигити Алыке менен.





Кудаяр кан (1829—1879)



Бухара Эмпри Саид Музаффор





Генерал Скобелев




Генерал майор М. Е. Ионов





Генерал губернатор Фон-Кауфман.



Согуш министри А. Н. Куропаткин



# Кокон кандыгын жою жана калкка тынчтык орнотуу боюнча генерал Скобелев менен Курманжан датканын бүтүмү.

## ШАРТНАМА

1. Эски хан ордосун кайра кандай абалында болбосун калыбына келтириш эки жакка тең ылайык келбейт.

2. Жети шаарлуу Кокония өлкөсүн Россия империясынын карамагына эки жак тең кошулду деп эсептейт.

3. Жергилик журттун жашоо тирилигине, туткан динине Россия акимчилиги тарабынан кысым кылынбайт.

4. Көтөрүлүшкө мурунку катнашы үчүн өлкөнүн калкын жазалоо токтотулат; колго түшкөн же өзү келип кабылган көтөрүлүшчүлөр азат болунат; куугун жеп бозуп кеткен элге кайра өз жерлерине кайтышына жана тынч тирилигине өтүшкө шарт берилет.

5. Россия өз карамагындагы башка тайпа журттар катары бу жети шаарлуу өлкөнүн журтуна да кам көрөт.

Скобелев
Курманжан Датка

(«КЕЛ -КЕЛ» романы 141-бет).

## АБДЫЛДАБЕКТИН АРМАНЫ

Аба айланып боз болду,
Абалы каапыр чыккандан
Оягы Ташкент козголду,
Аркасы Сайран козголду
Кутчу менен Мундуздан,
Элети көчмөн кыргыздан,
Кара-Үңкүр менен Кабадан,
Арстанбап менен Чарбактан,
Масы менен Шайдандан,
Жалгыз буудан Четиден,
Анжияндын бетиден,
Абдылдабек козголуп,
Ак олпокко бөлөнүп,
Ак желекке жөлөнүп,
Абдылдабек дегеним,
Алымбектин баласы.
Ак жолборстой шер байлап,
Алтын Айчык туу кармап.
Бедөө минип жоо жандап,
Үртүк салды боз атка.
Таярлык кылды казатка,
Тилла калкан кийинип,
Жоо дегенде сүйүнүп,
Эңкейиште эр сайып,
Экөөдү катар тең сайып,
Баатыр Мамыр баш болуп,
Айтса көңүл каш болуп,
Орокчусун чогултуп
Фурсат берсе алам деп,
Азим шаар Коконго.
Ханы лашкар болом деп,
Файы такка минем деп,
Улук улуглугун билгизип,
Ариет үчүн чеп байлап,
Ак боз атка пар байлап,
Алтымыш күндөн көп байлап,
Сепкилдүү атка нар байлап,
Сексен күндөн көп байлап.
Тогуз мерген жаткызып,
Аркадан келген каапырды
Үч катардан аткызып.
Карарып калды чатырлар,
Кармаша берди баатырлар,



Тигилип, калды чатырлар,
Тиктеше берди баатырлар.
Тил билбеген каапырлар
Кайта турган болду эди.
Убадасын бекемдеп,
Айта турган болду эди.
Кокуй кылып таштады,
Кочкорчу жолду баштады.
Мамадемин көк өтүк,
Казаны сынып күл болсун!
Катыны ыйлап тул болсун!
Босого бойлоп уул өлсүн!
Бойго жеткен кызы өлсүн!
Бул кайсы көрдөн жол тапты,
Бууну жик-жик болунсун.
Эрте менен саарда,
Аш ичпестен наарда
Үстү жагын караса,
Үч жүз солдат көрүндү
Тил билбеген каапырдын
Огу чыкты бызылдап.
Ону көрүп беглерим,
Кача берди тызылдап,
Даңкы кетти далайга,
Сары баштуу каапырдан,
Ыктай бердиң Алайга,
Ортобузда Кызыл-Арт,
Ашып кеттиң жан бегим.
Акыл-эсти унутуп
Шашып кеттиң жан бегим.
Кызыл-Көлгө барганда,
Кыялак болдуң жан бегим.
Уй-Булакка барганда,
Үшүң кетти жан бегим.
Кара-Көлгө түшкөндө
Башкы Сууга жеткенде,
Катта, кичүү чогулуп,
Дубана датка Алибек,
Сейитбек датка, Ботобек.
Эрданабек, Тойкулбек,
Эң кичиги Эшимбек.
Кан азат минген Кадырбек,
Карчыгадай Жайчыбек.
Жети-сегиз саркарда.

Кайтыплар кеткен эмеспи
Буякка кеткен улуглар,
Баары тилла калкан эмеспи,
Ортобузда Ак-Байтал,
Аша бердиң жан бегим,
Аксуу менен Мургабы,
Баса бердиң жан бегим.
Гой-Тезектин белини,
Көрүп кеттиң жан бегим,
Көкүрөккө гөятты,
Бөлүп кеттиң жан бегим.
Жакут бердиң калканга.
Ариет үчүн бел байлап,
**Бастыра бердиң Талканга,**
Эсеп жетпей жылдызга,
Барыплар калдың Кундузга.
Тил билбеген чүрчүткө,
Барыплар калдың Бүрчүткө.
Үртүк салдың сабылга,
Барыплар калдың Кабылга.
Барып калдың Амирга,
Амирга барган маалда,
Амирден зору Шералы,
Муну кандай зайып тууган деп,
Бул кайсы жердин беги деп,
Каерден келген пааша деп,
Маяна берди миң тилла.
Кылыч тийип мүрүңө,
Жатыплар калдың бир жылга:
«— Элим Алай толгон жок,
Эңкейсем казат болгон жок.
Калкым Алай толгон жок,
Кокон колго тийген жок.
Жигитим кымкап кийген жок.
Абат менен Нойгуттан,
Кудайкул паңсат өткөн жок.
Ардай менен Мөнөк жок,
Тооке менен Сабай жок.
Теңизбай менен Тасма жок,
Баатыр Мамыр уккан жок,
Орокчусун чогултуп
Жаң-жабыла кирген жок.
Казаттын четин билген жок,
Кылабданда катың жок,



Оң жагымда олтурган,
Мейманымды күзөткөн,
Сүйлөп көңүл түзөткөн.
Чөмчөбийдин баласы,
Булбул баян Матим жок.
Амалдардан алты жок,
Бек-даткадан бешөө жок.
Мура, корбашы Калчам жок,
Уай, Омарбек, датка аке
Баарың чогул чатырга,
Билбеймин менин канчам жок.
Сагынып-сагынып дуба айтың,
Кастанат иним Баатырга.
Тамаша кылган тагдырга,
Сагынып-сагынып дуба айтың
Беш-Көкүл калган жарыма,
**Бекмураттай карыма.**
Сагынып-сагынып дуба айтың,
Ташмат, Мурза тагама,
Тобар, Туйгун жеңеме.
Сагынып-сагынып дуба айтың,
Байбичедей энеме,
Сагынып-сагынып дуба айтың,
Дуба айтканда шуну айтың,
Качууранды жайласын,
Кара көк кулун байласын,
Кайтып келип байбиче,
Каргашага кыштасын.
Ичигим Тобар тыштасын.
Көөнүнү чөгөт кылбасын,
Киндик кесип, кир төккөн,
Гулнур шаардан жылбасын.
Туздуу сууну жайласын,
Кулунум деп куурасын.
Ботом деп мага боздосун,
Арбагымды сыйласын,
Азарын тартып ыйласын.
**Аккари кийсин бутуга,**
Ыраазы болсун байбиче,
Бизге берген сүтүгө,
Уай **Омарбек, датка** аке,
Чыгып да кетсе жанымды,
Алып кет жүктөп танимди?
Арканды беш **кат** бүктөй көр,

Гүлүшө карай жүктөй көр.
Кызыл-Артты ашыргын,
Гүлүшөгө жашырган,
Эгиз көтөр кабырды,
Ыйлабай кылгын сабырды,
Асанбек, Маамыт жигарим,
Болбоду менин бемарим,
Күндөн-күнгө оорлоп
Пастап барат касалим.
Чайга салган асалим,
Ая, Маамыт кайдасың?
Ажырабас жайдасың.
Жер гиясы чоң эди,
Айланайын Маамытжан,
Бизде душман көп эди.
Көралбаган душманга,
Көркөм болчу жигарим.
Болбоду менин бемарим,
Бошоплар калду буунум.
Сагыры калды эгасиз,
Мурзапаяз уулум.
Алтын ээр каш калды,
Аттиң ай, Паяз жаш калды.
Күмүш ээр каш калды,
Күлпатым ыйлап жаш калды.
Эсен болсо чырагым,
Алтысында ата дээр,
Күндөн-күнгө тетилээр,
Айдан-айга жетилээр.
Тогузунда торолор,
Онго кирип олжо алаар.
Он экиде ноодалар,
Он бешинде октолор.
Жыйырмада жык толор,
Жыйырма беште дык болор.
Анан,
Шилтегени тар болоор,
Иштеткени зар болор.
Ичкени кыркма чай болоор,
Үч ай баар күз өтөөр,
Эсен болсо чырагым,
Ишимди улап түзөтөөр.
Олпогумду шол киер,
Назарым тийген бала эле



Өрдүма шол минер,
Алты канат ак үйдү,
Алты айлана капшырдым,
Алты жашар уулумду,
Жаркынбайга тапшырдым.
Жети канат ак үйдү,
Жети айлана капшырдым,
Жети жашар уулумду,
Жаркынбайга тапшырдым.
Жетим ашын ичирбей,
Жетим тонун кийгизбей,
Боюга бычып тон кылсын,
Асырап-сактап чоң кылсын.
Уай, Омарбек, датка аке,
Баданларим сыздады,
Жүрөгүм башы муздады,
Күдөрүм жандан үзүлдү,
Күйкөдөй көзүм сүзүлдү...

**Мургабдык карыя Мыйманбай Мамытовдун айтуусу боюнча**

## ҚУРМАНЖАН ЖӨНҮНДӨ

Билерик, шакек күмүштөн,
Билгендер айтат имиштен.
Сөйкөсү алтын, күмүштөн
Сөз кылышат имиштен.
аныктап айтат көргөнүн,
Артынан аңдып жүрүшкөн.
**«Капталы кара, жону ак,**
«Жолборсу бар эле» — дейт.
«Кайыптан датка энеңдин,
Қолдоосу бар эле» — дейт.
Алимбек датка жактырган,
Алтындан сөйкө тактырган,
Туңгучунда тутунуп,
Бөтөнчө бала бактырган
Бешигинде шам чырак,
Күйүп турган эле, — дейт.
Бек болоорун алдынан,
Билип турган эле, — дейт.
Қан Алимбек каалаган,
Қадырын кымбат баалаган.
Ордого болгон Қаныша,
Атагы кеткен алыска.
Беш бегиндин энеси,
Белгилүү катын падыша.
Қыйын кезең келгенде,
Акыл болгон датка айым.
Кыргыздардын кыйыны,
Макул болгон датка айым.
Туулган жери Ош болгон,
Қыргызга кыргын келээрде,
Орустар менен дос болгон.
Кайрымдуу болгон карыпка,
Калтырып атын жарыкка.
Алимбектей даткага,
Акыл болгон датка айым.
Ар бир сөзүн жактырып,
Макул болгон датка айым.
Улуктарга тил тапкан,
Урматы менен эл баккан.
Акимдерге тил тапкан,
Акылы менен эл баккан.
Ордого көңүл бурдурган,
Ошко мечит курдурган.



Қожолор колун кармаган,
Қокондо ишке жараган.
Акылы артык датканын,
Ааламга аты тараган.
Аалам элп каалаган,
Акылын артык баалаган.
Анжиян, Арка Алайга,
Аты кеткен датка айым.
Ак падыша оруска,
Қаты кеткен датка айым,
Қытайдагы кыргыздар,
Кыйын билген датка айым.
Оогандагы кыргыздар,
Сыйын билген датка айым.
Қыз Қурманжан бир киши,
Қызыгын кепти баштаса,
Қыңк этпей уккан миң киши.
Қызыр жүргөн жылоолоп,
Қыз Сайкал, Жаңыл синдиси.
Аялдан чыккан бир киши,
Акылын уккан миң киши.
Қарачачтай сөз тапкан,
Қаныкейдин синдиси.
Ак элечек ардагы,
Анык жолборс балдары.
Опасыз жалган дүйнөдө,
Өнүп да болду арманы —
деп айтылат.

**Эми Курманжандын баласынын дарпа асылышы, калгандарынын сүргүнгө кетиши, Курманжандын кошогу айтылат. Бул узак айтылат элс. Мен эсте калганын айтып берейин.**

Ош базары ишемби,
Қалайык Ошко жыйылды.
Камчыбекти асууга,
Жол боюна дар курду.
Кайрат берип уулуна,
Сыр алдырбай душманга,
— Башыңды көтөр, — деп турду.
Қадырлуу датка туралбай,
Боз жоргону шарт бурду.
Қалайык «дур» деп токтоду,

Кадырлуу баатыр Камчыбек
Арстанбекти жоктоду.
Айта турган кебим бар,
Агайын тууган элим бар.
Адигине, Тагайдай,
Абалтан ата тегим бар.
Арстанбегим жакын кел,
Байбиче кары энем бар.
Байбиче энем барктап бак,
Бар тапканың сактап бак,
Балапан куштай таптап бак.
Кыш чилдесн суук күн,
Майын үзбө карыныи.
Жай саратан ысык күн,
Чайын үзбө карынын.
Кара аламан Букара,
Кан төгүлүп кетпесин.
Каргашалуу шум дүйнө,
Калк түбүнө жетпесин.
Ак жеринен кетти деп,
Акыры элим эстесин.
Энекем эстүү киши эле,
Кайраты бар түшүнөм,
Тагдырдын жазган ишине.
Адилетсиз шумдуктуу,
Заманага таарынам.
Эл бүлүнүп кырылса,
Ошол кымбат баарынан.
Кан жыттанган кара дар,
Канчалар каны төгүлгөн.
Кектегенге арга жок,
Айыптаган бектерди,
Кесирлүү өткөн өмүрдөн,
Ак паашанын төрөсүн.
Алланын жазган ишине,
Аргасыздан көнөсүң.
Бала-чака арттагы,
Бабадан кызыр жөлөсүн.
Артымда калган алты бек,
Пешенеге ушуну,
Бериптир кудай энчилеп.
Кур жалаага жыгылдык,
Кутмандуу кыргыз элди деп.
Бек уругу беш баргы,



Бел кылуучу эл калды.
Аягы тапан башы Алай,
Берекелүү жер калды...
Сөздү күтүп Арстанбек.
дилинде турду алла деп,
Арканы дардын үзүлдү.
Актыгын алла, эл билет,
Жалган айткан Ак палбан,
Дарга жетпей жан берди.
Карап турган калайык,
Камчыбекке тан берди.
эрдиги анын билинип,
экинчи жолу кайтадан,
Бегин дарга илинип.
Каары катуу ак паша,
Камчыбекти жайлады.
Калганын шыбыр айдады.
Жабдыктуу жоргоң туйласа,
Жандап бир оозун бура албайт.
Жан досум шыбыр кетти деп,
Жантөрө болуш ыйласа,
Жанына адам тура албай.
Сур жорго мөңкүп туйласа,
Суулуксуз оозун бура албайт.
Султаным шыбыр кетти деп,
Сулайманкул ыйласа,
Сумсайып адам тура албайт.
Асман ыйлап жер ыйлап,
Ак калпак кыргыз эл ыйлап.
Алла таала кудурет,
Неге жаздык деп ыйлап.
Босого бойлоп болкулдап,
Кош бөйрөгүн таянып,
Байбиче ыйлап солкулдап.
Кабыргам турат кайрылып,
Кан уулумдан айрылып.
Белим бошойт кайрылып
Бек уулуман айрылып.
Ак өргөөгө жөлөнүп
Айдай бет жашка бөлөнүп,
дейт.

**Эми мындан быягы Курманжандын балдарын кошкону.**

Жарылып барат жүрөгүм,
Мен эмнеге күйөмүн.
Мырзапаяз Жоодугер,
Бек кеткенге күйөмүн.
Ага, тууган аман бол, —
Деп кеткенге күйөмүн.
Уезддеги акимге,
Пул кеткенге күйөмүн.
Обу менен айымдар,
Тул калганга күйөмүн.
Кара дарга асылып,
Баш кеткенге күйөмүн.
Он сегизде Арстанбек,
Жаш кеткенге күйөмүн.
Мейманкана ак сарай,
Бош калганга күйөмүн.
Так Сулайман ыйык жер,
Ош калганга күйөмүн.
Алтын, күмүш зерлериң,
Пул калганга күйөмүн.
Айдай бейбак айымдар,
Тул калганга күйөмүн.
Бала чака буркурап,
Боздогонго күйөмүн.
Башка түшкөн кайгыны,
Козгогонго күйөмүн.
Буйлалануу атан тай,
Төө калганга күйөмүн.
Букаралар бозоруп,
Жөө калганга күйөмүн.
Жайдакталып токумсуз,
Ат калганга күйөмүн.
Жалгыз парак бектерден,
Кат калганга күйөмүн.
Кылычы сынып дат басып,
Кын калганга күйөмүн.
Кызыгы кетип куу дүйнө,
Чын калганга күйөмүн.
Атактуу жайлоо кең Алай,
Жер калганга күйөмүн.
Алакандай айылдың,
Аздыгына күйөмүн.



Дили буруу душмандын,
Кастыгына күйөмүн.
Бек уругун шыбырга,
Айдаганга күйөмүн.
Буту, колун кишендеп,
Байлаганга күйөмүн,
Башчысынан айрылып,
Чачылганга күйөмүн.
Бакыт кушун башынан,
Качырганга күйөмүн.
Баш көтөргөн бектерди,
Байлап колун артына,
Айдаганга күйөмүн,
Атыңы тартып алдынан,
Мингенине күйөмүн.
Өз оюнча бөлүшүп,
Билгенине күйөмүн.
Ата баба жерлерин,
Тепсегенге күйөмүн.
Акыйкаттан сүйлөсөн,
Кектегенге күйөмүн.
Козголтпостон элимдин,
Алып бүттү жүрөгүн.
Өз үйүндөй башкарып,
Бийлегенге күйөмүн.
Өз ырыскын колуна,
Тийбегенге күйөмүн.
**Алтын тогоо күмүш кур,**
Белден кетти бектерим.
Ак калпактуу ата журт,
Элден кетти бектерим.
**Алтын тогоо күмүш кур,**
Белден кетти бектерим.
Атактуу кала кенен Ош,
Жерден кетти бектерим.
Ак сарайың салдырган,
Абак болду бектерим.
Айтып бүткүс жомоктой,
Санак болду бектерим.
Алтын ордо кеңешчи,
Жыйын калды бектерим.
Ардактаган агайын,
Сыйың калды бектерим.
Айымдарды боздотуп,

Ыйың калды бектерим.
Жамы кыргыз былк этпей,
Тордо калды бектерим.
Кара жоолук салынып,
Катын калды бектерим.
Калкка кызмат жакшылык,
Ишиң калды бектерим...

## ЖУМАЕВ СЕЙИТБЕК

### БЕШ БОЛУШ

Айтууга караганда бул ырды 1896-жылы Курманжан датка азыркы Совет районундагы Тоготой, Карагуз аймагында жашоочу Молдокайыпка атайын буюртуп жаздырткан деген кеп бар. Мына ушул изи сууп кеткен азыраак ырды Абдивали Насирдинов Кызыл-Суу тараптагы Жору уруусунан таякеси Назаров Аттокурдан жаттап алган. Абдивалинин айтуусу боюнча таякеси аталган ырды бир саат токтобой ырдачу экен. Мезгилдин оош-кыйыш запкысы менен анын эсинен көп сандаган саптары көтөрүлүп кеткен.

Түшүнүксүздөрүн такташтырып калыбына келтирүүгө аракеттендик. Бирок, үзүлгөн жерин улаштырууга мүмкүнчүлүк болбоду. Ал гана эмес эгер Молдокайыптын жазгыч акын экенин эске алсак анда кол жазмасы да табылып калаар. А. Насирдинов азыр пенсияда, Өзгөн районунун Жалпак-Таш айылында жашайт.

Ырда десең ырдайын,
Беш алты ооз ырдайын.
Бала Жолборс Мамытбек,
Бекер карап турбайын,
Беш болуштан баштайын,
Бектик кылдың беш жерден.
Бир атадан беш болуш,
Чыккан эмес эч жерден,
Бедери элең беткейдин,
Гүлдари элең күнгөйдүн.
Кыпаты элең кыргыздын,
Кымбаты эле Мундуздун.
Жан бегимдин барында,



Ичкен ашым карында.
Атынды минген көп эле,
Ашыңды ичкен көп эле.
Аттиң ай бегим кетти деп,
Арман кылса эп эле.
Ашыгынан тон кылган,
Ат көтөргүс зор кылган.
Төмугунан тон кылган,
Тон көтөргүс зор кылган.
Жаактууга жай бербей,
Жалпак тилге сөз бербей,
Чечен туутан жан бегим.
Аттын гөшүн жебеске,
Эшен туулган жан бегим.
Саратан ысык кайнады ээй,
Солдаттар жолду пайлады ээй.
Пенделер чаңкап суу деди ээй.
Бардык пенде чуу деди ээй...
Орус туруп «ну» деди
Мамытты айда «жоо» деди.
Айдап жөнөй бергенде,
Асаке барып токтоду,
Пакырга чепеп суу берди,
Ойлобойсуң момундар.
— Ак жолборстой демиң бар,
Асан үка бери кел,
Айта турган кебим бар.
Жалгыз калдым дебей тур,
Жалгызды кудай сактачу.
Белин бекем буучу,
Бек заттар жолду пайлачу,
Отуз миң сом оруска,
Пул кеткенге бир күйөм,
Отуз жетим, он жесир,
Тул калганга бир күйөм.
Жетимдерди күйгүзбө,
Жесирлигин билгизбе,
Кирип келсе какпаңыз,
Чыбык менен чаппаңыз.
Сур жорго салып токуткун,
Сыпайы кылып окуткун...
Кер жорго салып токуткун...
Керимсел кылып окуткун.
Бала жолборс Мамытбек,

Баш кеткенге бир күйөм,
Он алтыда Арстанбек,
Жаш кеткенге бир күйөм,
**Жээнбегим жаш эле,**
Бардык журтка баш эле,
Мырзапааз, Жоодыгер,
Баш кеткенге бир күйөм.
Үйдөн келген сары атың,
Минип келдиң Мамытбек.
Мийзам менен тартипти,
Билип келдиң Мамытжан.
Саадагың турат саның жок,
Кылычың турат кының жок,
Ак чолпондой көзүң жок,
Адамга ширин сөзүң жок.
Баятан бери сөзүңдү,
Байкасам күйүп ичим чок.
Күмүш ээр аркалык,
Тага журтум аман бол,
Гүлшөдөгү үч баргы,
Ага журтум аман бол.
Орчун бектер барында,
Ош базар толуп турчу эле,
Ордого жыйын курчу эле.
Орчун бектер өткөнү
Ош базар болду буткана
Ошондой так жай журт кана.
Гүлдана бектер жогунда
Гүлүшө болду буткана,
Ошондой такжай журт кана?
Орусту сабай өлтүрдү ээй,
Сабай качып кутулду.
Паргананын беги деп,
Пашалыкка тайын деп,
Сардалбектер тутулду.
Кызыл Суула жору ыйлап...
Гүлүшөдө баргы ыйлап.
Кодогочун, жоош келсин,
Мылтык атып доош келсин.
Атышканын карактап,
Көрөмүн кудай салганын.
Беш болуштун баарына,
Капырдан ажал жеткен бейм.
Ажалы жетип өлгөн бейм,
Шейит мазар болгон бейм.



Дабан ашуу белде дейт,
Жан кайышар жерде дейт.
Өз майлинча сейилдейт,
Омарбек экөө айыл дейт.
Эриксе эчки атат дейт,
Эрикпесе жатат дейт.
Бук болсо бугу атат дейт,
Бук болбосо жатат дейт.
Шыргалаң аткан кулжанын,
Мойнун көрдүң Мамытжан.
Шапке кийген орустун,
Оюнун көрдүң Мамытжан,
Ай айланып тергеди ээй,
Ай ордуна келбеди ээй.
Күн айланып тергеди ээй,
Күн ордуна келбеди ээй.
Камчыбектин кара аты,
Дар астында токулган,
Камчыбектин намазы,
Дар астында окулган.
Самындап койгон ак билем,
Илерге адам чыкпады.
Дин мусурман пандадан,
Камчыбекти аспа деп
Тилерге адам чыкпады.
Капырлар турат күлүшүп,
Беклер турат курушуп,
Асанбек чыкты айга окшоп.
Үйүрдөн озгон тайга окшоп,
Сары айгырдын ичинде,
Тайы кандай байбиче?
Жалган ишке жан берсе,
Жайы кандай байбиче?
Так Сулайман чоң азиз,
Сайы кандай байбиче?
Асанбекти ырдасам.
Арман кылат деп турам,
Камчыбекти ырдасам,
Калай болот деп турам.
Карап турган калайык,
Деги кандай айтсам ылайык.

## АЛТЫНДАН КҮКҮМ ИЗДЕГЕНДЕЙ

Гүлүмкан ШАМЫРБЕКОВА.

Алайдын Жошолу айылында фольклордук практикада жүрүп айыл аксакалдары Корош Каипов менен Таш Жунусовдордон ушул саптарды жазып алган. Мында Мамытбектин Асанбекке карата кайрылуусу Камчыбекке өтүп кеткендигин да эскертип койгонубуз оң.

Ал эми ОМПИнин студенти А. Айникеевдин Совет районунун карабаргы уруусунан Дүйшө Казаковдон жазып алганында да айрым сөздөр жаңылышып, өзгөрүп калгандыгын билдиребиз.

Камчыбекти көргөндөр,
Көзүнөн жашы төгүлөр.
Карыганда байбиче,
Кабыргасы сөгүлөр.
Илас бир кийген этине,
Байбичеге дуба де.
Ыраазы болсун сүтүнө.
Карабаңар кайтыңар,
Калкыма кабар айтыңар.
Тиктебеңер кайтыңар,
Элиме кабар айтыңар.
Карабагыш, Жапалак,
Тага журтум аман бол,
Кара-Шоро, Жан-шоро,
Сабай журтум аман бол.
Жошолуну жайлаган,
Уурулук кылган адамды,
Күн түзөтүп айдаган,
Тооке журтум аман бол.
Баскан изи сай болгон,
Эки эчкисин кубалап,
Баладан өйдө бай болгон
Аскалыны жайлаган,
Чөптү журтум аман бол.
Темир тапан үзөңгү
Тескей журтум аман бол.
Теңизбай, тасма үч уруу,
Нарктуу журтум аман бол.
Жылкелди, сабай, коңурат,
Жакын журтум аман бол.
Күмүш тапан үзөңгү,
Күңгөй журтум аман бол.



Гүлүшөнү ээлеген,
Каргашаны жердеген.
Мартабалуу баарынан,
Баргы журтум аман бол.
Атадан калган кашеки,
Пул кеткенге күйөмүн,
Ага-ини **жакшы кал,**
Деп кеткенге күйөмүн.
Бекер сөздү таштайын
Акимдер менен айтышып,
Абактыдан кайтышып,
Судяда жүрүшүп,
Мусапыр болуп бүрүшүп,
Кандай заман болду деп,
Катталар турат курушуп,
Маңдайынан сылады,
Пашалык көңүл улады.
Мамытбек деген ушул деп,
Баса түшүп сүйөөрү.
Байбичени кучаглап
Төрт баласы төп тууган.
Төрөлөр болор деп тууган
Беш баласын бек тууган,
Бекзада болор деп тууган,
Кыпааты элең мундуздун,
Кымбаты элең кыргыздын.
Жарыгы элең жылдыздын,
Жакшысы элең кыргыздын,

## КУРМАНЖАН ДАТКАНЫН КЕРЭЭЗИ

Жарандарым, эл-журтум, балдарым,
Жакын окшойт кайтпас сапар тартаарым.
Кары-жашың көңүл коюп угуп ал,
Мына булар керээз кылып айтаарым.

...Алмустактан кыргыз болуп жаралган,
Ала-Тоонун арасына таралган.
Адигине, Тагайымдын балдары,
Акыл менен кайратына таянган.

— * —

Кызыл кыргын казаттарда чегинбей,
Кыйрасак да бир душмандан жеңилбей.
Эр Манастын Туусун бийик кармадык,
Эрдик менен ээрибизден эңилбей.

— * —

Уруш менен өттү нечен кылымдар,
Уюткусун бөксөрттү элдин кыргындар.
Жетет, эми кан төгүүлөр токтосун,
Учу узарып, өнүп-өссүн кыргыздар.

— * —

Мурункудай Оң менен Сол кошулуп,
Кеңеш курсун маңдай-тескей отуруп.
Талкуулашсын ата журттун тагдырын,
Төбөсүндө турган кезде коркунуч.

— * —

Оң менен Сол бир пикирге келбесек,
Кор болбойлу калпак менен элечек.
Үстүбүздөн кара булут кетеби,
Калкыбызды күтөт кандай келечек?

— * —

Сак болгула: заман башка, шарт башка,
Аргабыз жок аттын башын тартпашка.
Акыл менен аздан жылып жүрбөсөк
Кокусунан кептелбейли жар ташка.

— * —

Азаттыкка барат азыр жалгыз жол,
Керек бизге Кокон менен коштошуу.
Кылыч эмес, комуз чертип багынтып,
Эң бир зарыл орус менен достошуу.

— * —

Жарандарым, эли-журтум, балдарым,
Жакын окшойт кайтпас сапар тартаарым.
Кары-жашың көңүл коюп угуп ал,
Баарыңарга мына булар айтаарым.

— * —

Көрбөй калсам аалам, асман, жылдызды,
Ичпей калсам көк жыттанган кымызды.
Түп көтөрүп чакыргыла Оң, Солду,
Өлүмүм да бириктирсин кыргызды.

**Абдирашит УРБАЕВ**



## АЛАЙ КАНЫКЕСИ

Жакында Ош шаарынан 12 чакырым жерде атактуу Алай канышасы Курманжан датка дүйнөдөн кайтты. Кыргыз талаалары менен өрөөндөрүнүн кеңдигин билдирип, Чыгыштын кыял гүлдөрү менен коозданган бул инсандын келбети көпкө чейин Алай аймагынын калкынын муңдуу ырларынын өзөгү болуп кала бермекчи.

Тээ мурда, Кокон хандыгынын көз каранды эмес учурунда кара кыргыздар дээрлик эч кимге баш ийбеген өзүнчө эл болгон. Бир гана жери, алардын бийлери же болбосо даткалары Кокон ханы тарабынан бекитилген. Өткөн кылымдын орто ченинде ошондой даткалардын бири Алымбек Курманжан аттуу бир сулуу аял затына үйлөнгөн. 1863-жылы Алымбек о дүйнөгө сапар тарткандан кийин, (ал ууландырылып өлтүрүлгөн деген кеп бар), Курманжан беш уулу менен Алымбектин Алайдагы ата конушуна көчүп кетишкен. Ал жерде Курманжан эл ичинде ушунчалык кадыр-баркка жетишип, тургундарга таасири күчтүү болуп кеткендиктен, Кокондун ханы Кудаяр ага «датка» же болбосо «ханыша» деген наам берген. Эгерде жетимишинчи жылдары Россия менен Кокон хандыгынын ортосунда уруш болуп, бул хандык 1876-жылы Россиянын карамагына өтүп кетпегенде, Курманжан датканын өмүрү ушундан эле урмат-сый, эч кандай турмуштук кыйынчылыксыз өтө бермек.

Албетте, бул күрөштө Курманжан Кокон хандыгына жан тарткан. Ошондуктан хандыктын, ошону менен бирге өзүнүн да эркиндиги жоюлганда Курманжан орустардын бийлигине баш ийбей, кыргыздардын эркиндиги үчүн күрөшүүнү чечет. Ал кыргыздардын күчү менен Кокон хандыгынын өз алдынчалыгын калыбына келтирүүгө умтулган. Ошол максатта анын тун уулу Абдылдабек жетектеген кара кыргыз жоокерлери орус аскерлери менен салгылашканга барган. 1876-жылдын жаз мезгилинде Гүлчөгө жакын Жаңырык деген жылгада катуу кагылышуу болгон. Бирок, оң жагынан Талдык тараптан генерал Поповдун ,сол жагынан полковник Витгенштейндин аскерлери тарабынан курчоого алынган Абдылдабек Памир аркылуу Ооганстанга өтө качууга аргасыз болгон.

Абдылдабектин колу жеңилүүгө дуушар болгондон кийин Курманжан датка Лангар айылында генерал Скобелевге жолуккан. Камчыбектин жана неберелеринин бирөөсүнүн кыштоосунда Курманжан датка Скобелев отурган үйгө кирген. Скобелев аны тосуп алып, колун сунган жана датканын эсен-аман көрүп тургандыгына кубанып жаткандыгын билдирген. Ошондой эле өзүнүн кадыр-баркына таянып көчмөндөрдү тынчтандырып, Рос-

сияга баш ийдирүүгө чакырышына үмүттөнгөндүгүн датка өз парзын аткарган уулдары менен сыймыктанса боло турганын айткан. Ошол эле жерде Курманжанга сый тамак берилип, кымкап жапкан.

Ошол козголондон кийин 30 жыл өтсө да Курманжан датка өз сөзүндө туруп, эл арасындагы кадыр-баркын жоготкон эмес. Түркстандын ар кандай генерал-губернаторлору Ош аркылуу катташкан учурларында Курманжан даткага жолугушуп турушкан. 1901-жылы ал Анжиянда Россиянын согуш министрине тааныштырылган. Ошол эле жылы датка Улуу урматтуу императордун атынан шакек менен сыйланган.

«Туркестанские ведомости» гезити.
№ 2834, 1907-жыл. 16-февраль (1-март).

## КУРМАНЖАН ЖАНА АНЫН УРПАКТАРЫ

Алымбек чоң атабыз менен Курманжан чоң энебизден 5 уул, 2 кыз болгон. Алар Абдылдабек, Баатырбек, Мамытбек, Асанбек, Камчыбек жана кыздары Сатимбү, Айкөкүл. Булардын ичинен уулдары өз мезгилинде Гүлчө, Ош, Ноокат, Өзгөн сыяктуу жерлерде акимдик кылышкандыгы маалым. Алардын туң уулу Абдылдабектен эки уул — Мырзапаяз жана Мусурманкул туулган. Мурзапаяздан 10 уул, 4 кыз болгон. Алардын чоңу Адыш (өз аты Абдырахман) Миркамал кары, Буркан, Нысакан эже, Маткабыл, Шамши, Абдыкапар, Сади эже, Айдар каары, Омор, Зулайка эже, Гүлшаади эже Үсөп жана Эгемжар.

Адыштан баарыбызга белгилүү таланттуу окумуштуу Муса, уулу 2 кызы бар. Булар Камаш, Саипжамал. Муса Адышевден Жаныбек аттуу уул бар. Миркамал каарыдан 2 уул, эки кыз бар.

Мурзапаяздын үчүнчү уулу Буркандбектен 5 уул, 3 кыз болгон. Алар Эркин, Алмаз, Айым, Искендер, Асан, Майсара, Накида, Орозгүл.

Эми Мырзапаяздын төртүнчү уулу Маткабылдан Жолборс, кыздары Неля жана Гүлчө.



Бешинчи уулу Шамшиден Жээнбек, Насрат, Гуван, Асия, Манап. Алтынчы уулу Абдыкапардан Мамасейит, Назар, Жусуп, Бакирали, Адын, Чыныбек, Асан.

Сегизинчи уулу Омордон Надан, Адалат, Камал, Паркат, Жамилалар. Үсөн жана Эгемжардан бала жок.

Датканын экинчи уулу Баатырбектен 2 уул болгон. Алар Арстанбек жана Аматбек.

Курманжан датканын 3-уулу Мамытбектин эки уул, эки кызы болгон. Алар Жээнбек, Абылгазы, Тоту эже, Айти эже. Жээнбек он сегиз жашында каза болгон. Абылгазыдан Каракожо, Саламат, Мойдун, Касиет, Нурдин, Гавар, Кимсан, Мисир.

Төртүнчү уулу Асанбек жөнүндө кеп кылабыз. Андан 6 уул, бир кыз. Алар Сарыбашыл, (өз аты Исламбек): Мамадалибек, Мырзакаары, Оморкан, Маллакан, Осмонкан, Иба эже. Азыркы күндө Курманжан чоң энебиздин небереси Иба эже 91 жашта.

Эң кичине уулу Камчыбектен үч уул, беш кызы болгон. Алар Азизбек, Паша эже, Кадырбек, Айниса эже, Айсара эже, Алима эже, Улугайым, Файзуллабек.

Камчыбектин экинчи уулу Кадырбек жөнүндө. Анын чоң уулу Иноят, кызы Саадат, Адыл, Мойдун.

Иноеттан Батма, Муса, Алишер, Абдималик Акылбек, Каныш.

Курманжан чоң энебиздин багып алган Карыбек аттуу баласынан Малик, Султанбек, Зулпукар, Алтынкан, Айдайкан эжелер, Жамшитбек, Ормон.

Ушул макалада Алымбектин улуу аялынан туулган Жаркынбайдын, Кокондо туулган уулунун урпактарынан кабар берилбей калды. Ошентип, Алымбектин сегиз уулу, үч кызы болгон.

Айтымга караганда Датканын уулдары узак өмүр сүрүшпөгүр. Абдылдабек Ооганстанда 40 жашында апаат тапса, Камчыбек падышалык желдеттердин жеми болгондо 34 гана жашта эле. Экинчи уулу Батырбек өз ажалы менен 52 жашында 1895-жылы кайтыш болгондугу маалым. 1909-жылы Мамытбек, 1913-жылы Асанбек пайгамбар жашында жарыкчылык менен коштошушкан. (Бул маалыматтар фольклордук материалдардан алынды.)

**Турсунай Өмүрзак кызы,**

**МАЗМУНУ**

Даанышман датка . . . . . . . . . . 3
Калк Кадырманы . . . . . . . . 5
Курманжан датка . . . . . . . . . 7
Курманжандын Ионовго жазган каты . . . . . 12
Скобелев менен Абдылдабектин кат алышуулары . . . 14
Генерал губернатор Кауфмандын каты . . . . . . 16
Шабдандын эскерүүсүнөн . . . . . . . . . . 17
Акылдын Чолпон жылдызы . . . . . . . . 18
Өчпөгөн жылдыз турат тарыхтагы . . . . . . . 18
Ханыша эне . . . . . . . . . . . . . 19
Айтымдардан . . . . . . . . . . . . . 20
Бизде да бектер таркаган . . . . . . . . 23
Шартнама . . . . . . . . . . . 33
Абдылдабектин арманы . . . . . . . . . . 40
Беш болуш . . . . . . . . . . . . . 46
Курманжан датканын керези . . . . . . 51
Алтындан күкүм издегендей . . . . . . . 50
Алай каныкеси . . . . . . . . . . 53
Курманжан жана анын урпактары . . . . . . 54

На кыргызском языке
КУРМАНЖАН ДАТКА
Воспоминания и причитания

**Союз журналистов республики Кыргызстан**

Терүүгө 25.07.91 берилди. Басууга 5. 5. 08.91. кол коюлду.
Жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 60x84 1/16, 3,5 басма табак.
Нускасы 50000 даана. Баасы 5 сом.

Басма сөз жана маалымат министрлиги.
Ош областтык басмаканасы.
Ош шаары, Ленин көчөсү, (Курманжан атындагы көчө) 209.
Басма сөз үйү.